**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча Д 13.15.522 - диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Умарбекова Анара Анарбаевнанын «Айылдык башталгыч мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү аракети аркылуу окуучулардын билим сапатын жогорулатуу» аттуу темадагы диссертациясына карата**

**КОРУТУНДУСУ**

**Курамында: төрага** Алимбеков А., п.и.д., профессор., мүчөлөрү: Дуйшеева Н.К. п.и.д., профессор., Иманалиев Т.Т. п.и.к., доцент болгон **диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы** изденүүчү Умарбекова Анара Анарбаевнанын «Айылдык башталгыч мектеп менен үй бүлөнүн бирдиктүү аракети аркылуу окуучулардын билим сапатын жогорулатуу»аттуу темадагы 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген диссертациясын карап чыгып, төмөнкүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертациялык изилдөөлөрдү коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

**Иште** 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигинин паспортуна толугу менен жооп айылдык мектептеги башталгыч класстардын окуучуларынын билим сапатын көтөрүү үчүн үй-бүлө менен мугалимдин биргелешкен иш аракетин уюштуруунун педагогикалык шарттарын иштеп чыгууга байланыштуу изилдөө жүргүзүлгөн.

**Иштин максаты**айылдык мектептеги башталгыч класстардын окуучуларынын билим сапатын өнүктүрүү үчүн үй-бүлө менен мугалимдин биргелешкен иш аракетин уюштуруунун педагогикалык шарттарын түзүү жана аны мектеп практикасына киргизүүнүн жолдорун иштеп чыгуу.

Коюлган максаттарды чечүү үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** белгиленген:

1. Башталгыч мектептин окуучуларынын билим сапатына таасир берүүчү факторлорду аныктоо.

2.Айылдык башталгыч мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү иш аракеттеринин теориядагы жана практикадагы абалын изилдөө.

3.Башталгыч класстын окуучуларынын окуудагы жетишүүсүн камсыздоочу ата-энелердин педагогикалык билимдеринин жаңыланган мазмунун түзүү жана аларды ата-энелерге жеткирүүнүн жолдорун иштеп чыгуу.

4.Ата-энелер менен мугалимдердин өз ара кызматташуусунун ыкмаларын, уюштуруу формаларын,каражаттарын иштеп чыгуу жана практикага киргизүү.

5.Педагогикалык эксперименттиуюштуруужанаанынжыйынтыктарын талдоо.

Эксперттердин пикиринде милдеттерди ирилештирүү, интеграциялоо зарыл.

Диссертациялык изилдөөнүн **объектин** айылдык башталгыч мектептин окуучуларынын билим сапатын жогорулатуу процесси ал эми **предметин**мугалимдер менен ата-энелердин биргелешкен иш аракеттери аркылуу башталгыч класстын окуучуларынын билим сапатын өнүктүрүү процесси түзөт.

**Изилдөөнүн методдору:** илимий адабияттарды анализдөө, байкоо, алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны үйрөнүү жана жалпылаштыруу, эксперимент.

Бул **объект жана предмет13.00.01** - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигинин талаптарына туура келет.

2. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу окуу программаларды өзгөртүү, окуу китептерин, колдонмо каражаттарды, окутуу технологияларын жаңылоо, компетенттүү иш билги мугалимдерди даярдоону талап этет. Арийне, булардын баары мектеп мейкиндигиндеги милдеттердин катарына кирет. Жалпыга маалым балдардын мектептеги алган билимдерди андан ары тереңдетип бекем өздөштүрүү үй шартындагы өз алдынча окуу иштерин аткаруу учурунда чындыкка айланат. Ошону менен бирдикте үй бүлө шартында айрыкча үйрөнүү тажрыйбасы али калыптана элек башталгыч класс окуучулары ар дайым көмөк жардамга муктаж болушат. Тилекке каршы, ата энелердин баары эле өз балдарынын окуу ишине туура көмөк көрсөтүүгө моралдык – психологиялык жана практикалык жактан даяр эмес. *Көпчүлүк ата-энелер балдардын окуу ишине жардам бергиси келбегендиктен эмес, кантип жардам берүүгө даярдыгынын жоктугунан ар дайым ар кандай шылтоолорду айтып өздөрүн оолак тутушат.* Ата энелердин мындай ишке даярдоону колго алуучу атайын мекеме –бул мектеп.Азырынчабулиштемектепке альтернатива болуучу башка мекемежаралаэлек. Ал эми мектептердин мугалимдердин ата –энелердин педагогикалык функциясын аткарууга даярдыгын өркүндөтүү багытындагы иштери автор далилдүү белгилегендей олуттуу проблема катары колго алына элек. Ата –энелердин педагогикалык маданиятынын көрсөткүчтөрүн эмнелер түзөт? Биргелешкен иш аракеттер контекстинде аны калыптандыруунун педагогикалык шарттары кайсылар? –деген маселелерге азыркы илимде да бир тараптуу жооп бериле элек. Демек, педагогика илимининин өнүгүшүнүн азыркы этабында айылдык мектепте башталгыч класстардын окуучуларынын билим сапатын көтөрүү үчүн үй-бүлө менен мугалимдин биргелешкен иш

аракетин уюштуруунун педагогикалык шарттарын атайын иликтөө маселелери актуалдуу бойдон калууда.

## 2. Диссертациянын илимий натыйжалары

Диссертациялык ишти анализдөө учурунда *эксперттик комиссия* тарабынан бөлүүнүп көрсөтүлгөн илимий жыйынтыктар изилдөөчү тарабынан таризделген варианттан айрым өзгөчөлүктөргө ээ. Эксперттик түзөтүүлөрдүн негизиндеги варианты төмөндө чагылдырылды:

**1-жыйынтык.** Кыргызстандын айылдык мектептеринин башталгыч класс окуучуларынын билим сапатынын мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү, системдүү иш аракеттеринен көз карандылыгы социалдык жана илимий-теориялык жактан айкындалган(1.1. 1.2., 10- 51б.б.)

**2-жыйынтык.** Башталгыч класс окуучуларынын ата-энелеринин педагогикалык билимдеринин мазмуну жана структурасы аныкталды (2.1. 73- 89.) Аныкталган билимдер ата энелердин педагогикалык маданиятына карата заманбап талаптар менен шайкеш.

**3-жыйынтык.** Ата-энелер менен мугалимдердин бирдиктүү иш аракеттерин уюштурунун жолдору иштелип чыгып, илимий-методикалык жактан негизделген. (2.1. 2.2., 89-122 б.б.)

**4- натыйжа.** Сунуш кылынган теориялык жоболор жана практикалык сунуштардын натыйжалуулугу педагогикалык экспериментте текшерилген жана жана илимий негизде тастыкталган. (3.1., 3.2. 124-144 б.б.)

## 7. Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык баалуулугу.

Изилдөөнүн жыйынтыгында алынган илимий жоболор жана илимий - методикалык сунуштар мектеп жетекчилери, башталгыч мектептин мугалимдери, айрыкча ата-энелер тарабынан колдонулат. Мындын сырткары башталгыч мектептин мугалимдерин даярдоочу жогорку окуу жайлардын окутуучулары, ошондой эле мугалимдердин кесиптик квалификациясын жогорулатуучу уюмдар үчүн да баалуу.

## 8. Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын жана тыянактарын жарыяланышы жана жана аларды балдык өлчөмү.

Диссертациянын негизги жыйынтыктары төмөнкү эмгектерде жарыяланган жана аларга **100 балл** берүүгө болот.


1.Умарбекова, А.А. Ата-энелерге кеңеш: методикалык колдонмо[Текст]: /А.А.Умарбекова // - Бишкек, 2012. – 72 б. .............

2.Умарбекова, А.А. Айылдык башталгыч мектептин окуучуларынын сөз байлыгын өстүрүүнүн ыкмалары [Текст] / А.А. Умарбекова // К.Тыныстанов ат. ЫМУнун Жарчысы. –-2009. -№ 23.- 230-234-бб.........

3.Умарбекова, А.А. Кенже мектеп окуучуларынын табигый математикалык билимдерин өнүктүрүүдө ата-энелер менен мугалимдердин бирдиктүү иш аракеттери [Текст] / А.А.Умарбекова // Ж.Баласагын ат. КУУнун Жарчысы.-Бишкек, - 2010. - №7. - 56-58-бб..........................

4.Умарбекова, А.А. Башталгыч класстардын билим сапатын көтөрүүдө студенттердин педагогикалык жана методикалык иш аракеттерин уюштуруу [Текст] / А.А.Умарбекова // КББА кабарлары. – Бишкек, - 2010. -№2(14). - 72-75-бб........................................................................................................ **20**

5.Умарбекова, А.А. Башталгыч класстын окуучуларын жазуу маданиятына үйрөтүүдө мугалим менен ата-энелердин бирдиктүү иш аракеттери [Текст] / А.А. Умарбекова // Эл агартуу журналы. –Бишкек,-2011.- № 7-8. - 33-38-бб.........................................................................................

6.Умарбекова, А.А. Ата-энелер менен мугалимдердин бирдиктүү иш аракеттеринин мазмуну, уюштуруу формалары жана каражаттары [Текст] /А.А.Умарбекова // Эл агартуу журналы. – 2011.-№ 7-8.- 27-32-бб..........

7.Умарбекова, А.А. Баштапкы мектепте окуучулардын эсептөө көндүмдөрүн өнүктүрүү [Текст] / А.А.Умарбекова // Ж.Баласагын ат. КыргызулуттукуниверситетининЖарчысы. Чыг.3. –Бишкек,- 2012.- 319-322-б…………………………………………………………………..

8. Умарбекова, А.А. Факторы влияюүие на качество образования сельской начальной школе [Текст] / А.А.Умарбекова // Научно-педагогический журнал «Высшая школа Казакстана» Поиск. -№1 (2).2012.- С.185-188……………………………………………………………

9. Умарбекова, А.А. Үй-бүлөдө кенже мектеп окуучуларынын окуу иштерин уюштуруу [Текст] / А.А. Умарбекова // Республиканский научно-теоретический журнал «Наука и новые технологии». –Бишкек,- 2014.-№1.- 182-185-бб……………………………………………………………….**20**

10. Умарбекова, А.А. Башталгычкласстынмугалимдерименената-энелердинбиргелешкенишмердүүлүктөрүн уюштуруунуннатыйжалары [Текст] / А.А.Умарбекова // Ж.Баласагынат. КУУнунЖарчысы. –Бишкек,- 2013.-№11.-254-257- бб……………………………………………

11. Умарбекова, А.А. Башталгычкласстынокуучусунунүй-тапшырмасынаткартуудамугалимменената-энелердинбирдиктүүишаракеттери [Текст] /А.А.Умарбекова //журнал Известия ВУЗов. –Бишкек,-2014.-№1.-177-180-бб………………………………………………**20**

12. Умарбекова, А.А. Башталгычкласстаокуучулардынокуукөндүмдөрүнкалыптандыруудамугалим менената-энелердинбирдиктүүишаракеттери [Текст] /А.А.Умарбекова // КББА Кабарлары. –Бишкек,-2014.- №3.-84-87-бб……………………………………………………………**20**

13.Умарбекова, А.А. Башталгычмектептеата-энелерчогулушунөткөрүүнүнымалары [Текст] /А.А.Умарбекова //И.Арабаеват. КМУнун Жарчысы. –Бишкек,-2015.-серия : психология.-396-398-бб......................**5**

14. Умарбекова, А.А. Баланы мектепке даярдоодо мугалим менен ата-энелердин бирдиктүү иш аракеттери [Текст] /А.А.Умарбекова //И.Арабаев ат. КМУнун Жарчысы. –Бишкек,-2015.-серия: педагогика.-361-364-бб........**5**

15.Умарбекова, А.А. Башталгыч класстын окуучуларынын ата-энелерине педагогикалык билим берүүнү уюштуруу учурдун талабы [Текст] / А.А.Умарбекова // Ж.Баласагын ат. КУУнунЖарчысы. –Бишкек,-2015.-№12.-497-501- бб………………………………………………………………**5**

16. Умарбекова, А.А. Педагогическая компетентность родителей в работе учителя начальных классов[Текст] / А.А.Умарбекова // «Современные проблемы и перспективы развития педагогики и психологии» сборник материалов IX межд. научно-практ.конф.: -Махачкала.2016.-С.20-23……**5**

17. Умарбекова, А.А. Педагогическаяпомоүь родителям по вопросам организации учебных работ учеников начальных классов [Текст] / А.А.Умарбекова //AustrianJournalofHumanitiesandSocialSciencesScientificjournal.- № 11–12. 2015 (November–December).-С.46-49…………………..**20**

18. Умарбекова, А.А. Организация семейного чтения для младших школьников [Текст] / А.А.Умарбекова // Научно-исследовательский журнал «Internationalscientificreview».- № 2 (12) / XInternationalScienceConference (Boston.USA, 7-8 February, 2016). – С.220-225……………………**20**

**11. Диссертацияны айрым кемчиликтерин түзөлтүү боюнча сунуштар.**

1. Эксперттердин пикиринде изилдөөнүн милдеттерин ирилештирүү, интеграциялоо зарыл. Мындай мүмкүнчүлүк кеңири. Алсак, 3, 4-милдеттер мааниси жагынан бири –бирин толуктап турган тутумдаш маселелер.
2. 1.2. параграфтагы темага байланыштуу ата мекендик адабияттар анализи Ж. Карасартова, Н.К.Сартбекованын диссертациялары жана Г. Мадаминовдун китептерин талдоолор менен толукталышы шарт. Анын үстүнө бул ысымдар автореферattын жогорку мазмунга идентүү бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн.
3. Эксперттердин пикири боюнча ата энелер менен мугалимдердин бирдиктүү иш аракеттерин уюштурунун жолдору(2.2.) илимий жактан жетишээрлик негизделбей методикалык процедуралар таризинде гана баяндалып калгандай таасир калтырат.(2.2., 89-122 б.б.) Бул кемчилик авторефератка да тиешелүү. (Автореф. 13-14 б.б.)
4. Диссертациянын текстин аныктоочу эксперимент туралуу 2.3. жана 3.1. параграфтардагы айрым кайталоолордон арылтуу зарыл.
5. Диссертациялык изилдөөнүн алкагындагы жумуштардын негизинде ата энелердин балдарды окутуу ишине көмөк көрсөтүү боюнча кесиптик компетенттүүлүктөрүнүн өнүгүш динамикасы туралуу маалыматтар кошумча берилсе аткарылган жумуштун баалуулуугу алда канча артмак.
6. Көрсөтүлгөн кемчиликтер коргоого даярданууда эске алынышы абзел.

**9. Авторефераттын мазмунунун диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Изденүүчү Умарбекова Анара Анарбаевнанын «Айылдык башталгыч мектеп менен үй бүлөнүн биридиктүү аракети аркылуу окуучулардын билим сапатын жогорулатуу»аттуу темадагы 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши бардык компоненттери боюнча авторефераттын мазмунуна негизинен дал келет. Авторефераттын окшош түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

**10. Жетектөөчү мекемени жана расмий оппоненттерди сунуштоону негиздөө.**

**Эксперттик комиссия сунуштаган жетектөөчү мекеме: Эксперттик комиссия сунуштаган жетектөөчү мекеме:** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин докторлору, кандидаттары эмгектенген жогорку мектептин педагогикасы кафедрасы (кафедра башчысы п.и.д. Райымкулова А. С., п.и.д. доцент Карабалаева Г., п.и.к. доцент Сатыкеева Т. С..) сунушталат.

**10. Эксперттик комиссия** сунуштаган **расмий оппоненттер:**

**Биринчи официалдуу оппонент (мисал үчүн)**– педагогика илимдеринин доктору, профессор Алимбеков Акматали (13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы), изилдөө проблемасына жакын төмөнкүдөй эмгектери бар:

1. Тарбиянын максатын аныктоонун тарыхый негиздери жана азыркы проблемалары//ЖАГунун жарчысы.-2012, №1 -126-129
2. Билим берүү системасын реформалоо шартында башталгыч класс мугалимдеринин компетенттүүлүгүн өнүктүрүү маселелери//Известия Вузов Кыргызстана.- 2016, №7-26-29
3. Жаңы мектепке –жаңы мугалимдин муктаждыгы// Жаңы мектепке–жаңы мугалим: педагогикалык кадрларды даярдоону модернизациялоонун актуалдуу проблемалары. – Ош, ОГПИ. - 4-5 б.б.

**Экинчи официалдуу оппонент**– педагогика илимдеринин кандидаты доцент Токтомамбетов Алмазбек., (13.0*0.01* – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы), изилдөө проблемасына жакын төмөнкүдөй эмгектери бар:

1. Мыктыдегенкандаймугалим же алдыңкытажрыйбатууралуу//Известия Вузов Кыргызстана.- 2016, №7-38-41.
2. Башталгыч билим берүү – мамлекеттүүлүктүн башаты//Кыргыз билим берүү академиясынын сайты.http://www.kao.kg
3. Экинчи класста адабий окуу китеби менен иштөө өзгөчөлүктөрү / методикалык колдонмо, «Кыргызстан-Сорос» фонду. Б., 1998 -45 б.

Комиссия сунушталган документтерди карап чыгып, Умарбекова Анара Анарбаевнанын «Айылдык башталгыч мектеп менен үй бүлөнүн биридиктүү аракети аркылуу окуучулардын билим сапатын жогорулатуу»аттуу темадагы, 13.00.01–жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражаны изденип алуу боюнча Д 13.11.023-диссертациялык кеңешинде кемчиликтерин оңдоого коргоо үчүн кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиянын төрагасы:**

п.и.д., профессор Алимбеков А.

**Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү:**

п.и.д., профессорДүйшеева Н.К.

п.и.к., доцент Иманалиев Т.Т.